Kyrgyz - Soul Scriptures

Матай 11:28-30 Чарчап-чаалыккандар жана түйшүк тарткандар, баарыңар Мага келгиле, Мен силерге тынчтык берем. 29 Менин моюнтуругумду алып, Менден үйрөнгүлө, анткени Мен жоошмун жана момунмун. Ошондо жаныңарга тынчтык табасыңар. 30 Анткени Менин моюнтуругум жакшы, жүгүм жеңил.

Башталыш 2:7 Анан Кудай-Теңир топурактан адам жаратып, анын жүзүнө өмүр демин үйлөдү, ошондо ал тирүү жан болуп калды.

Башталыш 34:2,3,8 Аны ал жердин төрөсү хибилик Хамордун уулу Шекем көрүп, кармап алып, зордуктап койду. 3 Жакыптын кызы Динага анын көңүлү түшүп, сүйүп калгандыктан, кыздын жүрөгүнө жаккан сөздөрдү сүйлөдү. 8 Хамор аларга мындай деди: Уулум Шекемдин кызыңарга көңүлү түшүп калыптыр, аны уулума аялдыкка бергиле.

Сандар 21:4 Эдом жерин айланып өтүш үчүн, алар Ор тоосунан Кызыл деңизге карай кеткен жол менен жөнөштү. Жолдо элдин чыдамы кете баштады.

Мыйзамды Кайталоо 4:29 Бирок сен ал жерде Кудай-Теңириңди издесең, Аны табасың. Эгерде Аны чын жүрөгүңдөн, жан-дилиң менен издей турган болсоң, анда табасың!

Бийлер - Вашкаруучулар 16:16 Аял күн сайын аны кыйнап, жанын койбой койгондуктан, ал абдан кыйналып, чыдай албай кетти.

1 Шемуел 18:1 Дөөт Шабул менен сүйлөшүп бүткөндө, Жонатан Дөөткө жүрөгү менен тартылып, аны жанындай жакшы көрүп калды.

1 Падышалар 1:29 Падыша мындай деп ант берди: Менин жанымды бардык кайгыдан куткаруучу Теңир тирүү!

2 Падышалар 4:27 Анан ал тоого, Кудайдын кишисине келип, анын бутун кучактап калды. Гейхази аялды анын жанынан алып кетмекчи болду, бирок Кудайдын кишиси: Тим кой. Мунун кайгысы бар, Теңир мага айтпай, жашырып койгон тура, – деди.

Аюб 7:11 Мен тилимди ошондуктан тыйбайм: рухум кыйналганынам улам сүйлөп жатам, жан-дүйнөм жабыр тартканынан улам даттанып жатам.

Аюб 14:22 Бирок анын денеси сыздап, жаны кыйналып жатат.

Аюб 19:2 Качанкыга чейин жанымды кейите бересиңер? Качанкыга чейин мени сөзүңөр менен кыйнай бересиңер?

Аюб 27:2 Мени акыйкаттыктан ажыраткан Кудай тирүү, жанымды кейиткен кудуреттүү Кудай тирүү.

Аюб 30:25 Мен башына мүшкүл түшкөндөрдү көрүп, ыйлаган жок белем? Жардыларды көрүп, жаным кыйналган жок беле?

Забур 6:(3,4)4,5 Жаным да аябай кыйналып турат. Оо Теңир, мага качан жеңилдик бересиң? (4) 5 Мага назар сал, Теңир, жанымды куткар, мени

Өзүңдүн ырайымың боюнча сакта.
Забур 7:(1,2)2,3 Теңирим, Кудайым, мен Сага таянам. Мени куугунтукка алгандардан куткар, мени ошолордон сакта. (2)3 Алар мени куткаруучу жок кезде арстан өңдүү тытып, жанымды сууруп алышпасын
Забур (17:13) 16:13 Теңир, ордуңан тур, аларды тый, кыйрат, жанымды кудайсыздан Өз кылычың менен куткар.
Забур (23:3) 22:3 Өз ысымы үчүн жаныма күч берип, чындык жолуна салат.
Забур (25:20) 24:20 Жанымды сакта, мени куткар, мен Сага таянгандыктан, эч уятка калбайм.
Забур (33:19) 32:19 Теңир алардын жанын өлүмдөн сактап каларына, ачарчылык убагында тойгузарына ишенишет.
Забур (34:22) 33:23 Күнөөкөрдү жамандык өлтүрөт, адил адамды жек көргөндөр ойрон болушат.
Забур (35:12,13) 34:12,13 Жакшылыгым үчүн алар мага жамандык кылып, жанымды жалгызсыратышты. 13 Мен алар ооруп жатканда, зумбал кийип, өз жанымды орозо кармап кыйнадым, башымды көтөрбөй, кайра-кайра сыйындым.
Забур (41:4) 40:5 Теңир! Мага ырайым кыл, жанымды сакайт, анткени мен Сенин алдыңда күнөө кылдым, – дедим.
Забур (42:5) 41:6 Жаным, эмнеге чөгүп, эмнеге онтоп жатасың? Кудайга таян, анткени мен Аны – Куткаруучумду, Кудайымды дагы даңктайм. (Забур 42:6,11) 41:7,12; (43:5) 42:5)
Забур (56:13) 55:14 анткени Сен менин жанымды өлүмдөн куткардың, Кудайдын алдында, тирүүлөрдүн арасында жүрүшүм үчүн, бутумду да мүдүрүлткөн жоксуң.
Забур (69:10) 68:11 Мен ыйлап орозо кармадым. Ушул үчүн да мени жамандап тилдешет.
Забур (69:18) 68:19 Жаныма жакын кел, жанымды куткар. Мени душмандарым үчүн куткар.
Забур (86:13) 85:13 Анткени Сенин мага көрсөткөн ырайымың чоң. Сен менин жанымды өлгөндөр жаткан жайдын түпкүрүнөн куткарып алдың.
Забур (97:10) 96:10 Теңирди сүйгөндөр, жамандыкты жек көргүлө! Ал Өзүнүн ыйыктарынын жанын сактайт, аларды кудайсыздардын колунан куткарат.
Забур (107:9) 106:9 Анткени Ал суусагандын суусунун кандырды, ачка болгонду жакшылыкка тойгузду.
Забур (116:4) 114:4 Ошондо мен: Теңир! Менин жанымды куткар, – деп, Теңирдин ысымын чакырдым.
Забур (116:8) 114:8 Сен менин жанымды өлүмдөн, көздөрүмдү жаштан, буттарымды мүдүрүлүүдөн куткардың.
Забур (119:28) 118:28 Менин жаным кайгыдан алсырап бара жатат, мага Өзүңдүн сөзүң менен күч бер.
Забур (120:2) 119:2 Теңир! Менин жанымды жалганчынын оозунан, амалкөйдүн тилинен куткар.

Забур (121:7) 120:7 Теңир сени ар кандай жамандыктан коргойт, сенин жаныңды Теңир сактайт.
Забур (124:7) 123:7 Биздин жаныбыз кушчунун торунан кутулган канаттуудай кутулду. Тор айрылып, биз кутулдук.
Забур (138:3) 137:3 Сени чакырган күнү мени угуп, жаныма сергектик бердиң.
Акылмандык - Накыл Сөздөр 6:32 Ал эми бирөөнүн аялы менен ойноштук кылган адамдын акылы жок, мындай кылган адам өз жанын өлтүрөт.
Акылмандык - Накыл Сөздөр 22:25 болбосо анын жолун үйрөнүп аласың жана өз жаныңа сыйыртмак саласың.
Жеремия 20:13 Теңирге ырдагыла, Теңирди мактагыла, анткени Ал каардуулардын колунан жакырдын жанын куткарат.
Жеремия 31:25 Анткени Мен чарчаган жанга суу ичирем, кайгырган ар бир жанды тойгузам.
Жезекиел 13:20,21 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: Мен силердин сыйкырдуу жаздыкчаңарга каршымын, ал жаздыкчалар менен силер чымчыкты тузакка түшүргөнсүп, жандарды тузакка түшүрүп жатасыңар, Мен аларды колтугуңардын астынан жулуп алып, тузакка түшкөн чымчыкты эркиндикке коё бергендей, силер тузакка түшүргөн жандарды эркиндикке чыгарам. 21 Мен силердин жабууңарды тытып, Өз элимди силердин колуңардан куткарам. Алар мындан ары колуңарга түшкөн олжо болбойт, ошондо силер Менин Теңир экенимди билесиңер.
Матай 10:28 Денени өлтүрүп, бирок жанды өлтүрө албагандардан коркпогула. Жанды да, денени да оттуу көлдө өлтүрө ала тургандан корккула.
Матай 16:26 Эгерде адам бүт дүйнөгө ээ болуп, бирок өз жанына зыян келтирсе, андан ага эмне пайда? Адам өз жанын куткарып алуу үчүн кандай кун төлөй алат? (Марк 8:36,37)
Матай 22:37 Ыйса ага мындай деп жооп берди: Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бүт акылың менен сүй.
Матай 26:38 Ыйса аларга: Жаным аябай кыйналып турат. Бул жерде калып, Мени менен бирге сергек болгула, – деди. (Марк 14:34)
Марк 12:30 Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, бүт жан-дилиң менен, бүт түшүнүгүң менен жана бардык күч-кубатың менен сүй! Биринчи осуят ушул!
Лука 12:20 Бирок Кудай ага: Акылсыз, ушул түнү жаның алынат. Ошондо сенин жыйып койгондоруң кимге калат? – деп айтат.
Лука 21:19 Чыдамдуулук менен жаныңарды сактап кала аласыңар.
Жахан 12:27 Анан Ыйса мындай деди: Азыр жаным кыйналып турат. Эмне дейин? Ата! Мени ушул сааттан куткара көр, – дейинби? Бирок Мен ушул саат үчүн келгем.
Элчилердин Иштери 14:22 шакирттерди бекемдеп, ишенимден баш тартпоону насааттап: Кудайдын Падышачылыгына көптөгөн кыйынчылыктар аркылуу киришибиз керек, – деп окутуп жүрүштү.

Элчилердин Иштери 15:24 Биздин арабыздан барган кээ бирөөлөр Бутпарастар сүннөткө отургузулууга тийиш, алар мыйзамды аткаруулары керек деген сөздөрү менен силерди тынчсыздандырып, олку-солку кылышканын уктук. Бирок биз аларга андай тапшырма берген эмеспиз.

1 Коринф - 1 Корунттуктар 15:45 Тооратта мындай деп жазылган: Ошентип, биринчи адам – Адам ата тирүү жан болуп калды. Ал эми акыркы Адам – өмүр берүүчү рух.

1 Салоника - 1 Тесалоникалыктар 5:23 Тынчтыктын булагы болгон Кудай Өзү силерди толугу менен ыйык кылсын. Рухуңар, жаныңар жана денеңер Теңирибиз Ыйса Машайак келгенге чейин эч кемчиликсиз, толук сакталсын.

Эврейлер 6:19 Биздин жаныбыз үчүн кеменин оор кайырмак темириндей бекем жана ишенимдүү болгон ал үмүт көшөгөнүн артына өтө алат

Эврейлер 10:39 Биз болсо жок болуу үчүн артка кетенчиктегендерден эмеспиз, тескерисинче, жаныбыздын куткарылышы үчүн ишенгендерденбиз.

Жакып 1:21 Ошондуктан ар кандай ыпыластыкты жана калган жаман адаттарыңарды таштап, жүрөгүңөргө себилип жаткан, жаныңарды куткара ала турган сөздү момундук менен кабыл алгыла.

Жакып 5:20 күнөөкөрдү туура жолго салуу менен ал анын жанын өлүмдөн алып калат жана көп күнөөлөрүн жаап коёт.

1 Петир 1:9 Анткени ишенимиңердин максатына – жаныңардын куткарылышына жетесиңер.

1 Петир 1:22 Бир туугандык таза сүйүүгө ээ болуу үчүн, рух аркылуу чындыкка тил алуу менен жаныңарды тазалап, бири-бириңерди дайыма чын жүрөктөн сүйгүлө.

1 Петир 2:11 Сүйүктүү бир туугандар, силер бул дүйнөдө жолоочу жана келгинсиңер, ошондуктан силерден өтүнөрүм, жаныңарга каршы күрөшкөн дене кумарларынан качкыла.

1 Петир 4:19 Ошондуктан Кудайдын эрки боюнча азап тартып жаткандар жакшы иш кылуу менен, өздөрүнүн жанын ишенимдүү Жаратуучуга тапшырышсын.

2 Петир 2:7/8 ал эми мыйзамсыздардын арасында жашап, алардын бузулган жашоосун, мыйзамсыз иштерин угуп-көрүп, күн сайын жаны кыйналган адил Лотту куткарып калса,

3 Жахан 1:2 Сүйүктүүм, рухий жашооңдо ийгиликке жетишкендей эле, калган бардык нерседе ийгиликке жетип, сак-саламат болушуң үчүн сыйынам.

Pastor T. John Franklin
Church of Salvation, Healing, and Deliverance
COS-HAD.org